**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУ**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**

# Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын XII-сессиясынын ТОКТОМУ

2025-жылдын 2-сентябры **№68** Түп айылы

## Түп айылдык аймагынын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин 6 айлыктын жыйынтыгы менен сарпталбай калган акча каражаттарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун негизинде Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын XII– сессиясы **токтом кылат**:

1. Түп айыл аймагынын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинен каралган акча каражаттары:
   - Түп айыл өкмөтүнүн имаратын оңдоого – **2500,0** миң сом;
   - Түп айылынын ичине 12 даана аялдама курууга - **1800,0** миң сом;
   - Түп айыл өкмөтүнүн техникаларын коюуу үчүн гараж курууга – **1622,4** миң сом.

Бардыгы **5922,4** миң сом, 6 айлыктын жыйынтыгы менен сарпталбай калган акча каражаттары төмөнкүдөй бөлүштүрүлүп, өзгөртүү киргизилсин:

- Түп айыл өкмөтүнүн имаратынын оңдоо иштерине **200,0** миң сом;
- Түп айылынын Балдар китепканасына курулган жаңы имаратка керектүү жабдууларды алууга **880,0** миң сом;
- Түп айылында жаңы курулган «Келечек» бала бакчасына керектүү жабдууларын алууга **1000,0** миң сом жана тегерегине шагыл төшөөгө **300,0** миң сом;
- “Жеңиш” сейил багындагы балдар ойноочу атракциондордун алдына коопсуздук материалдарын төшөөгө жана борбордук кире беришиндеги дарбазага тосмо коюууга **464,4** миң сом;
- Шаты, Бирлик айылдарынын башкы планына кошумча **600,0** миң сом;
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын Союзунун мүчөлүк акысына кошумча **78,0** миң сом;
- Түп айылынын батыш кварталындагы кичи-футбол аянтчасын курчоого **500,0** миң сом;

- Түп айылындагы В.Кайкин атындагы жалпы орто билим берүү мектептебинин кичи-футбол аянтчасынын ремонтуна кошумча **500,0** миң сом;
- Шаты айылынын сель алып кеткен эки көпүрөсүн оңдоого **200,0** миң сом;
- Шаты айылынын төмөнкү кварталындагы кожолуктарды таза суу менен камсыз кылуу үчүн, борбордук суу түтүктөрүн тартууга **300,0** мин сом;
- Бирлик айылында жаңы курулган ФАПка жабдууларды алууга **400,0** миң сом;
- Түп айылынын ичиндеги балдар ойноочу аянтчалардын оңдоо иштерине **500,0** миң сом.

Бардыгы – **5922,4 миң сом**.

2. Бул токтомдун аткарылышын Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.К.Турганбаевге, көзөмөл кылуу жагы бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

3. Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жоопту катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**